| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**<br><br>**СУЗАК РАЙОНУ**<br>**ЫРЫС АЙЫЛ АЙМАГЫ**<br>**ЫРЫС АЙЫЛ КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br><br>**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**<br>**ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ АЙМАК**<br>**ЫРЫССКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ** |

*ТОКТОМ* *ПОСТАНОВЛЕНИЕ*

*«29» март 2022-жыл. №10/4* *Жар-Кыштак айылы*

**ЫРЫС АЙЫЛ КЕҢЕШИНИН КЕЗЕКСИЗ X СЕССИЯСЫНЫН**
**Т О К Т О М У**

**Ырыс айыл өкмөтүнүн бюджетинин киреше жана чыгаша пландарына өзгөртүүлөр киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Бюджеттик Кодекси», «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү», Мыйзамын жетекчиликке алып, Ырыс айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша пландарына өзгөртүүлөр киргизүү боюнча ФЭБ башчысы В.Алимжановдун билдирүүсүн жана бюджет, финансы жана экономика боюнча туруктуу комиссиясынын отурумунун 29.03.2022-жылдагы протоколун талкуулап, Ырыс айыл кеңеши

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 115-беренесин жетекчиликке алып жана айыл өкмөтүнүн адистерин сунушун колдоого алуу максатында, мектепке чейинки мекемелеринин кайрылуусун, «Наристе», «Красная-Шапочка» «Ромашка» жана «Жоогазын» балдар бакчаларынын ата-энелердин чогулушунун протоколунун негизинде балдардын тамак ашына ай-сайын төлөнүчү төлөмдөрү 600 сомдон 800 сомго көбөйтүлгөндүгүнө байланыштуу, 2022-жылга атыйын каражат эсебинен «Мектепке чейинки жана мектеп мекемелерине кошумча кызмат көрсөтүү акысы» (ст.14232400) 3336,0 миң сомго бекитилген планын 1176,0 миң сомго, Кыргыз Республикасынын ЖӨБ Союзу, Хельветас жана Өнүктүрүү Саясат институтунун рамочный келишими боюнча айыл өкмөтүнүн алдындагы «Бирдиктүү терезе» элге кызмат көрсөтүү бөлүмүн техникалык базасын жакшыртуу долбоорун негизинде «учурдагы жардам» (ст.14411100) 250,0 миң сомго көбөйтүлсүн.

2. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодекснин 130-беренесине негизденип бюджеттик баланстуулукту сактоо максатында чыгаша бөлүгүнүн «Балдар бакчасы бөлүмү» (70911) «Тамак ашы азыктарын алуу" беренесин (ст.2811) 1176,0 миң сомго, «Аппарат бөлүмү» (70111) «Машына жана жабдуулар» беренесин (ст.3112) 250,0 миң сомго көбөйтүп берүү жагы Каржы Министрлигинен суралсын.

3. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 115-беренесин негизинде бюджетти аткаруунун жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү» Мыйзамына ылайык чыгашалардын үнөмдөлгөн каражаттар эсебине маданият бөлүмүнүн (70823) башка тейлөө кызматтарын алуу беренесинен (ст.2215) 20,0 миң сом, Китепкана бөлүмүнүн (70821) башка тейлөө кызматтарын алуу беренесинен (ст.2215) 20,0 миң сомго жылдырылсын;

4. 2022-жылга бекитилген чыгымдарга ушул чечим менен киргизилген өзгөрүүлөрдүн негизинде бюджеттик классификацияларга ылайык келтирүү жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Халиловко жана ФЭБ башчысы В.Алимжановго жүктөлсүн.

4. Бюджеттик кирешелерге жана чыгымдарга өзгөртүү киргизүү Финансы Министрлигинин Сузак башкармалыгынан суралсын.

5. Ушул токтомду аткаруу жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Халиловко жана ФЭБ башчысы В.Алимжановго милдеттендирилсин.

6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө бюджет, финансы жана экономика боюнча туруктуу комиссиясынын төрагасы Н. Жусупбаевке тапшырылсын.

7. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Төрага** **Ш.Кадиркулов.**